

***Менин проблемам:***

**Учур талабына ылайык жаңы ыкмаларды пайдалануу менен окуучулардын билимин өнуктуруу жана өз оюн эркин айта билуугө, улууларды урматтоого, кичүүлөрду ызаттоого тарбиялоо.**

**Өмүр баяным:**

**Мен Саркулова Медина, 1990-жылы 1-июлда Ленинград областынын Богситогорск районунуна караштуу Заборье айылында жарык дуйнөгө келгем. Ата –энем Саркулов Абдырахман, Сооронова Уулайым. Үй бүлөдө беш бир тууганбыз. Уйдун улуусумун. 1997- жылы Кара Суу айыл өкмөтүно караштуу №31 Кайып Кенжебаев орто мектептин биринчи классына кабыл алындым жана ушул эле мектепти 2008- жылы аяктагам. 2008-жылы И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Лингвистика факультетинин жана Лингвистика жаңы маалыматттар технологиясы бөлүмүнө кабыл алынып,2014- жылы университетти бутурдум. 2019-жылдын 1-февралынан баштап. Кызыл - Туу айыл өкмотүнө караштуу М Барпиев атындагы №19 Жылгын жаплы орто билим беруүчу мектебине англис тили мугалими болуп кабыл алындым. Учурда аты аталган мектепте эмгектеним келем. Үй бүлөлүүмун эки уул бир кызым бар. Жолдошум Субаналиев Насирдин .**

*************************************************************************

**Сабактын темасы: ” Кооптуу журум – турумдун зыяндуулугу”**

**Сабактын максаты :** Адамдын ден соолугуна коркунуч туудурган ( мотоцикл, мопед, машина менен жол жүрүу эрежелерин бузуу, кайыкта отуруп кыйшаңдоо) журум – турумдун зыяндуулугун тушундуруу.

**Сабактын тиби:** Таймаш сабак.

**Сабактын формасы:** Топторго болуү.

**Сабактын усулу:** Көрсөтмөлуүлук.

**Сабактын жабдылышы :** плакаттар, буклеттер, баалоо тараасы , кутучалар , тустуу сүрөттөр, синквейн, тест.

**Сабактын журушу:**

**Жагымдуу маанай:** Бугунку сабакта, кутуу дарагы. (Балдар сабактан эмнени кутушсо, жалбыракка ойлорун жазышат, сабактын аягында алган маалыматтарын кутуу дарагына гулдорду илишет). 2022-жыл” Тоолордун экосиситемасын коргоо жана климаттык туруктуулук жылы”

**Алтын эреже:**

1. **Кеңешип кескен бармак оорубайт.**
2. **Билбегенин сураган билимдуунун иши.**
3. **Беш манжа бөлөк, билек бир.**
4. **Билгениңди айтуудан тартынба.**

**Топторго бөлүнүшөт.** 1.Сабырдуу.2. Намыстуу.

Баалоо кутучасы менен таанышышат.

( Баалоо таразасы , декоративдик кутучалар жана асыл таштар мене бааланат)

**Балдар өткөн теманы эске салып тесттеги суроолого жооп беребиз. ( test maker менен иштешет )**

1. Жугуштуу оорулар кайсылар ?

2. Көпчулуккө барганда оорубаш учун же башкага оору жугузбаш учун

эмне кылуу керек?

А) Колду жууш керек.

Б) Бет кап тагыныш керек .

В) Бирөөнүн жүз арчысын албаш керек

3. Ашказан ичеги ооруулары эмнеден жугат?

А) Акча аркылуу

Б) кир суу аркылуу

В) аба аркылуу

4. Аба аркылуу жуккан жугуштуу оорууну белгиле.

А) Сасык тумоо.

Б) Ич келте.

В) Сарык оорусу

5.Оорууну жугузуп алганда эмнекылуу керек?

А) Өз алдынча дарылануу.

Б) Дарыгерлерге кайрылуу керек.

В) Туура тамактануу.

**Жаңы темага өбөлгө**: видео ролик көрсөтөм.

Чоңдорго арналган коопсуздуктун негизги эрежелерин өспүрүмдөргө да тиешеси бар. Лагерде эл көп чогулган жыйындарда, спорттук мелдештерде ж.б иш чараларда сак болуу керек. Сактыкта кордук жок. Стадиондо, көчөдө,көлдө,тоодо ж.б жерлерде коркунучтуу жагдайлар жетишерлик көп кездешет. Мисалы, футбол оюнун спортсмендери жакшы даярдыгы бар, тартипке уйротулгон, уюшулган, бирок команданын куйормандары эки тарап болуп мушташып кеткен учурлар аз эмес. Мушташуудан травма алгандар, кырсыкка учурагандар болушу мумкун. Башка таяк жеген балдардын онунун экөсу өлүп калат. Мээни кокустатуу шишикти пайда

кылат,мээ баш сөөктүн ичинде болгондуктан ,омуртка башка жакка чыга албайт.Ал нерв системасынын б.а бүткүл организмдин ишинин бузулушуна алып келет,анын натыйжасы өлүм.

Эл көп чогулган жыйындарда мушташуудан айрым балдар өмүр бою майып болуп калышат, айрымдары узак убакыт ооруканаларда жатышат. Сабактан калышат,ата-энелерине ,туугандарына кыйынчылык түзүлөт.Акчалай чыгымдар көбөйөт. Көнүл ачуу үчүн мотоцикл,мопед айдап жарышкан жаштар (байкерлер, рокерлер) жол-транспорт кырсыгынын себепкери болушат. Булардын көнүл ачуусу машинанын талкаланышына ,адамдардын оор майып болушуна алып келет.Мотоциклдин үнү элдин тынчын алат.Панк (чачын кырдырган )жаштардын арасында бүлгүнгө учуратуучу жүрүм-турумдагы фактылар болот,жаштардын сексуалдык бузукулугу,бангилик,аракечтик ж.б аракеттери үчүн жазаланган учурлары аз эмес.Жаштардын саясий экономикалык ,чыгармачыл,кесиптик ж.б бирикмелери бар.Саясий формалдуу эмес экстремистик бирикмелердин коркунучтуу аракеттери көп учурайт, алардын мүчөлөрүнүн кырсыкка дуушар болуусукөп кездешет.Анткени каттоодон өтпөстөн,митингдерди уюштурушат,анда укук коргоо күчтөрү менен какагылышуусу мүмкүн. Митингдин катышуучуларынын башын-көзү көгала болуп камакка алынышат. Ата-энелери штраф төлөп, чыгымга учурайт. Улутчул уюмдар жек көргөн тарабына бугун кол салбашы мумкун.

**Сабакты бышыктоо:**

**1. Сабыр тобу: Синквейн .**




**2. Намыс тобу: Кластер**




**Үйгө тапшырма:** Эссе жазып келуу.

**Жыйынтыктоо:**

Сабактын аягында алган маалыматтарын кутуу дарагына илишет. Эки топтун алган упайларын эсептейбиз. Сабакта активдуу катышкан окуучулардын атын атайбыз. Жеңген топко алкыш айтып, куттуктайбыз.

**Бугунку сабак аягына жетти. Саламатта калыңыздар.**